**«Скай Мобайл» ЖЧКсынын Генералдык директорунун**

**Буйругу менен**

**бекитилген**

# «Скай Мобайл» ЖЧКсынын уюлдук кызматтарын көрсөтүү ЭРЕЖЕЛЕРИ

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул «Скай Мобайл» ЖЧК сынын көчмө (уюлдук) радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелери (мындан ары текст боюнча – «Эрежелер») Кыргыз Республикасынын «Электр жана почта байланышы жөнүндө» мыйзамына жана КР Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №501 Токтому менен бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелерине ылайык иштелип чыккан жана уюлдук көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын (мындан ары текст боюнча – «байланыш кызматтары» же «кызматтар») колдонгон абонент менен «Beeline» брендинин астындагы «Скай Мобайл» ЖЧКсынын (мындан ары текст боюнча – «Оператор») ортосундагы мамилелерди жөндөйт.

## II. Колдонулган терминдер жана түшүнүктөр

2.1. Ушул эрежелерде колдонулган терминдер жана түшүнүктөр төмөнкүлөрдү билдирет:

**«Абонент»** – персонификациялоо жол-жобосунан (каттоодон) ийгиликтүү өткөн жана байланыш оператору менен байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишим түзгөн жеке жак, мыйзамдарда белгиленген тартипте бир же андан көп абоненттик номерлерди бөлүп берүү менен байланыш кызматтарын көрсөтүүгө оператор менен келишим түзгөн юридикалык жак же жеке ишкер.

**«Абоненттик номер»** – келишим күчүндө болгон мезгилде оператор тарабынан абонентке пайдаланууга бөлүнгөн, көчмө радиотелефон байланыш тармагына кошулган абоненттик терминалды ага орнотулган SIM-картасы менен идентификациялаган номер.

**«Абоненттик терминал»** – бул жабдууну Оператордун тармагына туташтыруу аркылуу абонентке Оператордун кызматтарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылган, абонентке мыйзамдуу негизде таандык болгон колдонуучулук (терминал) жабдуу; Байланыш тармагындагы сертификатталган абоненттик терминалды/жабдууну колдонуу боюнча жоопкерчилиги Абонентте болот.

**«Корпоративдик топтун/Абоненттик топтун абоненти»** – байланыш кызматтарынын акыркы алуучусу. Корпоративдик топтун/Абоненттик топтун» катышуучусу келишимдин тарабы болуп саналбайт. Ар бир абоненттик номер боюнча көрсөтүлгөн байланыш кызматтары Оператор байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө Келишим түзгөн абоненттин өзүнүн дарегине көрсөтүлгөн деп эсептелет.

**«ЭАС»** – абонент алган кызматтардын көлөмүн жана алардын тарифтөөсүн, ошондой эле байланыш кызматтары үчүн төлөөнү эсепке алуу операцияларын автоматтык түрдө аткарууга арналган Оператордун эсептешүүлөрүнүн автоматташтырылган системасы;

**«Келишим»** – Оператор менен Абоненттин ортосунда түзүлгөн, абонент байланыш кызматтарын колдонгон учурдагы Оператор менен Абоненттин ортосундагы мамилелеринин шарттарын жана тартибин аныктаган байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндөгү келишим.

**«Оператордун тейлөө чөлкөмү»** – алынган лицензияларына жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык Оператор байланыш кызматтарын көрсөткөн аймак.

**«Кыскача тексттик билдирүү/SMS-билдирүү»** – байланыш Операторунун тармагынын жана абоненттик терминалдын техникалык мүмкүнчүлүктөрү жол берген белгилүү ырааттуулукта жана көлөмдө терилген тамгалардан жана (же) сандардан жана (же) символдордон турган маалыматтык билдирүү.

**«Корпоративдик кардар»** – байланыш Оператору менен байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишим түзгөн жана өз алдынча негизде корпоративдик топтун

колдонуучуларын милдеттүү эсепке алууну жүргүзгөн абонент болуп саналган юридикалык жак же жеке ишкер;

**"Оң калдык" -** аванстык сумма (төлөм), ал абоненттин/пайдалануучунун өздүк эсебинде оң калдык түзгөн, тандалган тарифтик план менен аныкталган, байланыш кызматтарын көрсөтүү башталганга чейин абонент/пайдалануучу өздүк эсебине төгүлөт. Аванстын минималдуу суммасы оператор тарабынан аныкталат;

**«Өздүк эсеп»** – Оператордун көчмө радиотелефон байланыш кызматтарынын ЭАС да катталган жана көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн, абоненттин келишим боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарынын эсебине түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарын эсепке алуу үчүн арналган абоненттин жеке номери.

**«Жеке кабинет»** – бул абонентке анын абоненттик номери жөнүндөгү маалыматка жеткиликтүүлүк алууга жана өзүнүн номерин жана номердеги кызматтарды башкарууга мүмкүндүк берген Оператордун веб-сайтындагы web-сервис: http://www.beeline.kg. Кызматтын функциялары Оператор тарабынан өз алдынча, Оператордун кеңселерине жана маалыматтык тейлөөсүнө кайрылбастан эле аныкталат.

**«Оператор»** – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилген лицензиялардын негизинде электр байланыш тармагында ишмердүүлүгүн жүргүзгөн «Скай Мобайл» жоопкерилиги чектелген коому.

**«Жеке маалыматтарды иштетүү»** – оператор тарабынан же анын тапшырмасы боюнча автоматтык каражаттар аркылуу же аларсыз эле чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөттөө, өчүрүү жана жеке маалыматтарды бузуу максатында ыкмаларына карабастан аткарылган каалаган операция же операциялардын топтому.

**«Жеке маалыматтар»** – материалдык ташып жүрүүчүдө катталган, конкреттүү бир адам тууралуу, конкреттүү адамга окшоштурулган же конкреттүү адамга окшоштурууга мүмкүн болгон, анын биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык бирдейлигине, анын ичинде ушул келишим боюнча абонент-тарап жөнүндөгү, атап айтканда төмөнкү маалыматтар: фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы, дареги, өздүгүн тастыктаган документтеги маалыматтар, байланыш телефондун номери, электрондук почтанын дареги ж.б. бир же бир нече факторлорго шилтеме аркылуу ушул адамды тикелей же кыйыр түрдө аныктоого мүмкүндүк берген маалымат.

**«Колдонуучу»** - персонификациялоо жол-жобосунан (каттоодон) ийгиликтүү өткөн, абонент болуп саналганына же болбогондугуна карабастан байланыш кызматынан иш жүзүндө пайдаланган жеке жак;

**«Мой Beeline KG» тиркемеси»** – абонентке Beeline тарифтери жана кызматтары менен өз алдынча таанышууга, тиркемедеги колдонуучулук макулдашууда көрсөтүлгөн шарттарда өзүнүн номериндеги кызматтарды жана тейлөөлөрдү башкарууга мүмкүндүк берген «Скай Мобайл" ЖЧКдан расмий мобилдик тиркеме. Кызматтын функционалдуулугу Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.

**«Эсептешүү мезгили»** – абонент/колдонуучу тарабынан иш жүзүндө алынган жана төлөнүүгө тийиш болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү аныкталган убакыттын мезгили. Эсептешүү мезгили байланыш оператору тарабынан өз алдынча белгиленет, бирок роумингде абонентке көрсөтүлгөн календардык айга же тиешелүү календардык айдын Оператор тарабынан аныкталган, анын ичинде абонент Оператордун байланыш кызматтарын пайдаланган бөлүгүнө дал келген кызматтарды кошпогондо, бир айдан ашпоого тийиш.

**«Интернет таратуу»** – роутер режиминде колдонулган өзүнүн түзмөгүн жеткиликтүүлүк точкасы катары колдонуп, башка гаджеттер менен интернетти бөлүшүүгө мүмкүндүк берген

кызмат. Оператор тарабынан Абоненттин тарифтик планынын шарттарында же/жана мындай кызматтын шарты менен берилет.

**«Роуминг»** – байланыш Операторунун абонентке/колдонуучуга уюлдук байланыш операторлорунун ортосундагы роуминг келишиминин негизинде башка өлкөдөгү башка чет өлкөлүк байланыш операторунун радиокаптоо зонасына өтүүдө байланыш кызматтарын жана кошумча кызматтарды көрсөтүү. Роумингди ишке ашыруу үчүн абоненттик терминал менен башка өлкөдөгү байланыш операторунун тармактарынын техникалык шайкештиги зарыл. Роуминг кызматын колдонууга байланыштуу абонент Оператордун тарифтери боюнча роумингдеги байланыш кызматын төлөйт жана абоненттин Оператор алдындагы милдеттенмелери келип чыгат.

**"Роуминг-өнөктөш"** – Кыргыз Республикасынын байланыш оператору менен келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары роуминг кызматтарын көрсөтүүчү чет өлкөлүк мобилдик уюлдук байланыш оператору;

**«Уюлдук байланыш тармагы»** же **«Тармак»** – абоненттерге көчмө уюлдук радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүүнү камсыз кылган жана жалпы колдонуу байланыш тармагына чыгууга мүмкүнчүлүгү бар, коммутация каражаттары жана радиосигналдарды кабыл алуучу-берүүчү жабдуунун жардамы менен туташтырууну орнотууга арналган техникалык курулмалардын жана жабдуунун топтому.

**«Тарифтик план»** – байланыш оператору бир же бир нече байланыш кызматынан пайдаланууну сунуштаган баа шарттарынын жыйындысы, аларды берүүнүн жана тарифтөөнүн өзгөчөлүктөрү;

**«Байланыш кызматтары» (Кызматтар)** – көчмө радиотелефон аркылуу билдирүүлөрдү (үн кызматтары, SMS-билдирүүлөр) кабыл алуу жана жиберүү. Абонент менен түзүлгөн келишимдин алкагында байланыш кызматтары деп, ошондой эле көчмө радиотелефон байланышынын кызматтары, байланыш кызматтары менен байланышкан кызматтар жана көчмө байланыш тармагында көрсөтүлүүчү кошумча кызматтар (телематикалык кызматтар, маалыматтарды берүү боюнча кызматтар, тейлөө кызматтары, маалыматтык-маалымдама тейлөө) жана башка Оператор тарабынан берилген кошумча кызматтар түшүнүлөт.

**«SIM-карта»** (USIM, eSIM) – жеке далдалдаштыруу модулу, анын жардамы менен абоненттик жабдууларды далдалдаштыруу, анын оператордун тармагына кирүүсү камсыз кылынат.

## III. Байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн жалпы шарттары

3.1. Оператор менен абоненттин ортосундагы Кыргыз Республикасынын аймагында байланыш кызматтарын көрсөтүү учурунда келип чыккан мамилелер мамлекеттик жана/же орус тилдеринде, анын ичинде кыска тексттик билдирүүлөр менен алмашуу аркылуу ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №501 Токтому менен бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелерине ылайык байланыш тармагында сертификатталган абоненттик терминалды/жабдууларды пайдалануу үчүн жоопкерчилик Абонентке жүктөлөт. Абонент өзүнүн жабдууларынын бул талапка ылайык келиши үчүн жоопкерчилик тартат жана мамлекеттик жана/же расмий тилде (орусча) анын ичинде латын шрифтин колдонуу менен көрсөтүлгөн тилдерде билдирүү жөнөткөн учурда билдирүүлөр менен алмашууларды камсыз кыла албаган абоненттик жабдууларды колдонуудан улам кызматтарды жана/же маалыматты албагандыгына байланыштуу Операторго дооматтарды койбойт.

3.2. Оператор көчмө уюлдук радиотелефон байланыш тармагында берилип жаткан

телефондук кат алышуулардын, сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуулугун сактоону камсыз кылууга милдеттүү. Көчмө радиотелефон байланыш тармагы аркылуу берилүүчү телефондук кат алышуулар, сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн купуялуулугун сактоо укугун чектөөгө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана жол берилет.

Келишимдин аткарылышынан улам Операторго Абонент жөнүндө белгилүү болгон маалымат аларга байланыш кызматтарын көрсөтүүдө, ошондой эле маалымдама жана башка маалыматтык кызматтарды көрсөтүүдө, анын ичинде абоненттин керектөөлөрүн, артыкчылыктарын жана кызыкчылыктарын аныктоо жана болжолдоо, ошондой эле абонентке жекелештирилген сунуштарды, арзандатууларды, товарларды жана кызматтарды жылдыруу үчүн акцияларды, жарнамалык, маалыматтык билдирүүлөрдү, маркетинг кызматтарын Оператордон да, үчүнчү жактардан да көрсөтүү максатында мобилдик тиркеме аркылуу, SMS-билдирүүлөр, электрондук почта аркылуу, телефон менен, почта менен, тармакта жайылтуу жолу менен жана Оператор өз алдынча аныктаган башка жолдор менен, ошондой эле үчүнчү жактардын Абонентке кызматтарды көрсөтүүсүнүн алкагында үчүнчү жактарга өткөрүп берүү максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул Эрежелерде жана абоненттик келишим менен түзүлгөн шарттарда каралган учурларды кошпогондо, мындай үчүнчү жактардын Абонентке кызматтарын көрсөтүүсү жана ушул абоненттин макулдугу менен гана үчүнчү жактарга берилүүсү Оператор тарабынан колдонулушу мүмкүн.

Байланыш операторунун маалымат базасында сакталган абонент/пайдалануучу жөнүндө маалыматтар мамлекеттик органдардын, анын ичинде укук коргоо органдарынын суроо-талабы боюнча, эгерде абонент/пайдалануучу жөнүндө маалыматтарды алууга тиешелүү ыйгарым укук мамлекеттик органдын ишин жөнгө салуучу мыйзамда каралган учурда гана берилиши мүмкүн.

Абонент-жеке жактан Оператор тарабынан көрсөткөн байланыш кызматтары үчүн эсептешүүнү ишке ашыруу максатында анын жеке маалыматтарын иштетүүгө жана дооматтарды кароого өзүнчө макулдугу талап кылынбайт. Макулдашуулардын бардык түрлөрү абоненттин кызматтарды көрсөтүү боюнча түзгөн Келишиминин шарттары жана ушул Эрежелер тарабынан каралган.

Абонент / пайдалануучу персонификациялоо (каттоо) жол-жобосунан өтүүдө байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишимдин шарттарында жана ушул Эрежелерде каралган оператордун байланыш кызматтарын көрсөтүүсү үчүн зарыл болгон макулдугун өз эрки менен берет.

3.3. Оператор оңдоо жана алдын алуу иштерин, ошондой эле техникалык бузулуулардан, авариялардан, жеңе албай турган күчтөгү жагдайлардан, үчүнчү жактардын аракеттеринен жана башка себептерден улам түйүндүн токтотулушун кошпогондо, күнү-түнү жана күн сайын үзгүлтүксүз кызматтарды көрсөтөт. Оператор уюлдук байланыш тармагын модернизациялоого жана мыйзам тарабынан каралган тартипте жана шарттарда Оператордун тармагынын бардык абоненттерине билдирүү менен кызматтарды көрсөтүүнү чектөөгө же токтотууга баруу менен, андагы техникалык жана/же Оператордун кызматтарын колдонууга таасир этүүчү өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу.

3.4. Радиотолкундардын таралышынын табигый шарттарына байланыштуу Оператор тарабынан берилген радиотелефон байланышы имараттарга жакын жерлерде, туннелдерде, жертөлөлөрдө жана башка жер астындагы курулуштарда рельефтин жана курулуштун

локалдык өзгөчөлүктөрүнөн жана башка себептерден улам начарлашы, үзгүлтүккө учурашы же тоскоолдуктар менен коштолушу мүмкүн. Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарынын сапаты пайдаланылган абоненттик жабдуулардан да көз каранды болушу мүмкүн.

3.5. Абонентке берилүүчү көчмө радиотелефон байланышы тармактын конструктивдүү өзгөчөлүктөрүнөн улам, Оператордун компетенциясынан тышкары турган жергиликтүү (стационардык) телефон линияларынын башка Операторлорунун жабдууларынын сапатына, эл аралык жана шаар аралык байланыш операторлорунун жабдууларынын сапатына көз каранды.

3.6. Байланыш кызматтарын көрсөтүүгө байланыштуу маалымат менен абоненттерди камсыз кылуу максатында оператор маалыматтык-маалымдамалык тейлөө тутумун түзөт. Оператор абоненттерге маалыматтык-маалымдамалык кызмат көрсөтүүнүн жүрүшүндө (кирүүчү/чыгуучу) сүйлөшүүлөрдү жаздырууга укуктуу.

3.7. Маалыматтык-маалымдамалык кызматтар тутумунда акы төлөнүүчү жана акысыз маалыматтык-маалымдамалык кызматтар көрсөтүлөт.

3.8. Оператор төмөнкү маалыматтык-маалымдамалык кызматтарды акысыз жана күнү-түнү көрсөтөт:

- оператордун кызматтары жөнүндө маалымат берет;
- байланыш кызматтарынын тарифтери, Оператор тармагынын тейлөө аймагы боюнча маалымат берет;
- абонентке анын өздүк эсебинин абалы жана байланыш кызматтарына төлөө боюнча карызы жөнүндө маалымат берет;
- телематикалык байланыш кызматтарын колдонуу үчүн абоненттик жабдуулардын жөндөөлөрү жөнүндө маалымат берет;
- Оператордун акы төлөнүүчү жана акысыз маалыматтык-маалымдама кызматтарынын тизмеси жөнүндө маалымат берет;
- Оператордун реквизиттери, сатуу жана тейлөө кеңселеринин жайгашкан орду жана иштөө режими, байланыш кызматтары үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу жерлери жөнүндө маалымат берет;
- байланыш кызматтарын колдонууга тоскоолдук кылган техникалык мүчүлүштүктөр жөнүндө абоненттен маалымат алат.

3.9. Оператор көрсөтүлүүчү кызматтардын акы төлөнүүчү жана акысыз маалыматтык-маалымдамалык тизмесин өз алдынча аныктайт.

## IV. Келишим түзүүнүн тартиби жана шарттары

4.1. Байланыш кызматтары абоненттин жана Оператордун же ал тарабынан ыйгарым укук берилген адамдын ортосунда абоненттин каалоосу боюнча түзүлгөн байланыш кызматын көрсөтүү келишиминин негизинде көрсөтүлөт.

4.2. Келишимдин шарттары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Оператор тарабынан өз алдынча белгиленет.

4.3. Келишим тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде же абонент абоненттерди тейлөө борборлорунун кайсынысына болбосун жазуу жүзүндөгү арыз менен келишимди бузууга өзүнүн эркин билдиргенге чейин же 180 (жүз сексен) календардык күндүн ичинде номердеги тармактык окуялар жок болгон учурда оператор тарабынан бузууга чейин күчүндө болот.

4.4. Келишимге өзгөрүүлөр Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү сунуштоо жана

Оператордун http://www.beeline.kg расмий веб-сайтына жайгаштыруу жолу менен киргизилет. Эгерде абонент Оператордун кызматтарын колдонууну Оператор келишимдин шарттарын өзгөртүү сунушу менен веб-сайтка жайгаштырган күндөн тартып 10 (он) календардык күн өткөндөн кийин улантса, өзгөртүүлөр абонент тарабынан кабыл алынды деп, ал эми келишим тараптардын макулдашуусу боюнча өзгөртүлдү деп эсептелет.

4.5. Байланыш кызматтарын алуу үчүн абоненттин Оператор менен байланыш кызматтарын көрсөтүүгө келишими, GSM 900/1800, WCDMA/UMTS 2100 (3G), LTE 800 (4G) стандарттарынын белгиленген техникалык талаптарына жооп берген сертификатталган абоненттик жабдуусу жана Оператордун уюлдук байланыш тармагынын SIM-картасы болуш керек.

4.6. Келишимдин тараптарынын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же келишимде белгиленген тартиптен башкача түрдө башка жактарга өткөрүлүп берилиши мүмкүн эмес.

4.7. Байланыш кызматын көрсөтүү боюнча Оператор менен келишим түзүү үчүн жеке жак, жеке ишкер, ошондой эле юридикалык жактын кызыкчылыгында келишим түзүүгө ыйгарым укуктуу адам Операторго ушул Эрежелерге тиркелген Тизмеде көрсөтүлгөн документтерди берет (№ 1 Тиркеме).

4.8. Келишим түзүү үчүн абонентке белгилүү бир абоненттик номери (номерлери) менен SIM -карта (SIM -карталар) берилет.

Абонент байланыш операторунун төмөнкү системаларынын бири аркылуу жүзөгө ашырылуучу персонификациялоо (каттоо) жол-жобосунан өтүүгө милдеттүү:

- сатуу жана тейлөө кеңсесинде;
- Мой Beeline KG мобилдик тиркеме аркылуу;
- байланыш Операторунун башка программалык каражаттары.

Байланыш кызматтарын көрсөтүү келишими төмөнкү формалардын биринде түзүлүшү мүмкүн:

- кагаз жүзүндөгү келишим;
- электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документ түрүндөгү келишим;
- оператордун расмий сайтында жайгаштырылган ачык Келишимге кошулуу;
- документ келишим боюнча тараптан келип чыккандыгын так аныктоого мүмкүндүк берген башка ыкма менен.

Персонификациялоо (каттоо) төмөнкү жолдор менен ишке ашырылышы мүмкүн:

1)өз алдынча катталуу жолу менен (аралыктан);

2) абонентти каттоо жолу менен:

- сатуу жана тейлөө кеңселеринде байланыш операторунун ыйгарым укуктуу адамы;
- соода түйүндөрүндө ыйгарым укуктуу адам тарабынан.

Персонификациялоо (каттоо) жол-жобосун жүргүзүү үчүн потенциалдуу абонент/колдонуучу жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга, берүүгө, пайдаланууга жана сактоого байланыш Оператору берген ыкма менен макулдугун тастыктайт.

Байланыш оператору тарабынан персонификациялоо процедурасын жүргүзүү жана жандыруу үчүн төмөнкү байланыш кызматтарына гана жеткиликтүүлүк камсыз кылынат:

- байланыш операторунун маалыматтык-сурап билүү Тейлөө номерине чыгыш чалуулар;
- Оператор менен гана маалымат алмашуу үчүн командалар, кирген жана чыккан билдирүүлөр;
- байланыш Операторунун мобилдик тиркемесин жүктөөнү кошо алганда, персонификациялоонун жол-жобосунан өз алдынча өтүү үчүн Интернет түйүнүнө кирүү мүмкүнчүлүгү.

Потенциалдуу абонентти / пайдалануучуну байланыш Операторун каттоо системасында

персонификациялоо төмөнкү милдеттүү шарттарга ылайык жүргүзүлөт:

- өздүгүн тастыктаган документтин түп нускасынын алдыңкы жана арткы бетине фото же видео сүрөттөрдү берүү;

- өзүнүн фото же видео сүрөтүн жүзүн фото сүрөтү бар өздүгүн ырастоочу документтин түп нускасы менен бирге берүү;

- жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга, пайдаланууга, сактоого жана берүүгө макулдук берүү.

4.9. Абонент-жеке жак өзүнө тиешелүү абоненттик номери менен берилген SIM-карталарды жаңы ээсинин атына кайра каттоосуз башка жактарга берүүгө укугу жок. Болбосо, абонент өзүнүн наамына катталган номерди кайра каттоо талабын аткарбагандыгынан улам келип чыккан терс кесепеттердин (байланыш кызматына акы төлөө жана келишим боюнча башка милдеттенмелер) тобокелчилигин толугу менен тартат.

4.10. Абонентке берилген номер(лер) абоненттин менчиги болуп саналбайт, ошондой эле акыркысы мындай номерди колдонууга өзгөчө укуктарга ээ эмес, анткени Кыргыз Республикасынын электр байланыш тармактарынын номерлөө ресурсу мамлекеттин абоненттик менчиги болуп саналат жана байланыш Операторлоруна убактылуу колдонууга берилет. Ал эми ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык байланыш тармактарынын номерлери өзгөртүлгөн учурда, байланыш оператору абоненттин макулдугусуз, кызмат көрсөтүү Эрежелеринде каралган тартипте жана мөөнөттө SMS жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу мындай алмаштыруунун себеби жана мөөнөттөрү жөнүндө кабарлоо менен абоненттик номерлерди өзгөртүүгө укуктуу.

Абонент ошондой эле Операторго жазуу жүзүндө же аралыктан арыз берүү жолу менен, башкача айтканда, анын абоненттик терминалынан тиешелүү тейлөө буйругун терүү аркылуу, эгерде мындай кызмат Оператор тарабынан көрсөтүлгөн жана бош номер бар болгон учурда, номерди алмаштырууга укуктуу.

Оператор буйрукту киргизүү жолу менен номурду алыстан алмаштырган учурда абоненттен 10 (он) иш күндүн ичинде номердин алмашканын ырастоо жөнүндө арыз менен Операторго кайрылууну талап кылууга укуктуу. Бул талаптарды аткарбоо Оператор тарабынан көрсөтүлгөн байланыш кызматтарын токтото туруу же чектөө үчүн негиз болушу мүмкүн.

4.11. Абонент, мурда пайдаланылган номерлер үчүн карызы болгон учурларды кошпогондо, ошондой эле Оператордо бир өздүк эсептеги номерлердин санына техникалык чектөө коюлган учурлардан тышкары, келишим боюнча колдонулган номерлердин санын каалаган убакта көбөйтүүгө укуктуу. Жаңыдан кошулган абоненттик номерлер, эгерде абоненттин арызында башка тарифтик план көрсөтүлбөсө, келишимде көрсөтүлгөн тарифтик пландын шарттары колдонулат.

4.12. Абонент-юридикалык жакка же жеке ишкерге берилген бардык абоненттик номерлер бир өздүк эсепке бириктирилет жана абоненттин корпоративдик тобу деп аталат. Абоненттин каалоосу боюнча анын корпоративдик тобунун ичиндеги бир же бир нече номерлер абоненттик топторго бөлүнүшү мүмкүн.

4.13. Мыйзамдын талаптарына ылайык Оператор төмөнкү учурларда келишим түзүүдөн же келишим боюнча кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга укуктуу:

- кызматтарды көрсөтүүнүн техникалык мүмкүнчүлүгү жок болгондо, анын ичинде Оператордун тармагына кирүүнү камсыз кылуунун техникалык мүмкүнчүлүгү жок болгондо;
- эгерде абоненттин Оператордун алдында карызы болсо, бул карыз жоюлганга чейин;

- мыйзамдарда каралган жана ушул Эрежелердин №1 тиркемесинде көрсөтүлгөн документтерди бербеген учурда.

4.14. Кошумча кызматтар жана байланыш кызматтары менен технологиялык жактан ажырагыс байланышта болгон жана алардын керектөө наркын жогорулатууга багытталган башка кызматтар (мындан ары – «кошумча кызматтар») Оператор тарабынан же тиешелүү кызматтарды көрсөтүүгө укугу бар Оператор тарабынан тартылган үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлөт жана келишимде жана колдонуудагы тарифтик планда жана тиешелүү кызматтын офертасында белгиленген тартипте абонент тарабынан төлөнөт.

4.15. Кошумча кызматтар жөнүндө маалымат Оператор же үчүнчү жактар тарабынан ачык оферта түрүндө Оператордун http://www.beeline.kg расмий сайтында, ошондой эле тартылган үчүнчү тараптын веб-сайтында, массалык маалымат каражаттарында же бул кызматтар жөнүндө жарнамалык материалдарда жайгаштырылат. Кошумча кызматтар жөнүндө маалымат абонентке оферта сунушу жана офертада көрсөтүлгөн тартипте абонент тарабынан акцепт катары билдирилиши мүмкүн.

4.16. Интернет тармагында же жарнамалык материалда жайгаштырылган маалыматта кошумча кызматты активдештирүү жана өчүрүү сервистик буйругу (кирүү коду жана/же USSD сурамы) көрсөтүлөт.

4.17. Абонент сервистик команданы терүү аркылуу кошумча кызматка заказ берүү менен кошумча кызматтарды көрсөтүү эрежелерине жана алардын тарифтөө эрежелерине макул болот жана бул кызматтарды алууга жана аларды төлөөгө макулдугун билдирет. Абонент ошондой эле абонент кызматтын мындай түрүн керектөө үчүн Оператор тарабынан белгиленген чекке жеткенде кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн чектөөгө макул болот. Эгерде кошумча кызматтарды көрсөтүү эрежелеринде башка тартип каралбаса, кошумча кызматтар абонент тарабынан тандалган эсептешүү системасына ылайык төлөнөт.

4.18. Абоненттин демилгеси боюнча абоненттик терминалдан командаларды киргизүү же Оператордун http://www.beeline.kg расмий сайтындагы Жеке кабинет аркылуу же «Мой Beeline KG» мобилдик тиркемеси аркылуу кошумча кызматтарды активдештирүүгө жана тиешелүү тарифтик планды өзгөртүүгө жол берилет.

## V. Абонентти далдалдаштыруу

5.1. Абоненттин далдалдаштыруучусу болуп: коддук сөз, толук аты-жөнү, жеке идентификациялык номер, абоненттик номер, инсандыгын ырастоочу документтин маалыматтары, тармактык окуялар боюнча маалымат, абоненттин номерине жиберилүүчү бир жолку сыр сөз, ошондой эле келишим жана/же Оператордун далдалдаштыруу эрежелери менен белгиленген, өзүнчө же бирге колдонулган далдалдаштыруу жүргүзүү боюнча Оператордун Жоболоруна ылайык башка маалыматтар саналат.

5.2. Абоненттин далдалдаштыруучулары абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси өзгөрүлгөн учурда, маалыматтык-маалымдама тейлөөдө, байланыш кызматтарынын акысын төлөгөн учурда жана келишимде жана/же ушул эрежелерде каралган башка учурларда колдонулат.

## VI. Тараптардын укуктары жана милдеттери

**6.1. Оператор төмөнкүлөргө милдеттүү:**

6.1.1. Кызматтарды көрсөтүүнүн эрежелери, Оператордун колдонуудага тарифтери жөнүндөгү, Оператордун кызматтарынын сыпатталышын жана абонентке келишимди түзүүгө жана аткарууга зарыл болгон башка маалыматтарды берүүгө.

6.1.2. Абонентке түзүлгөн келишимдин шарттарында кызматтарды көрсөтүү

мезгилинде колдонууга, абоненттик номерди (номерлерди) берүүгө.

6.1.3. Көчмө радиотелефон байланыш тармагынын ишин алынган лицензияга жана Кыргыз Республикасынын байланыш тармагындагы мыйзамдардын талаптарына ылайык камсыз кылуу;

6.1.4. Мыйзамдарда жана ички жол-жоболордо белгиленген мөөнөттө байланыш кызматтарын колдонууга тоскоолдук кылган техникалык мүчүлүштүктөрдү жоюуга;

6.1.5. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан аныкталган шашылыш ыкчам кызматтарга күнү-түнү акысыз жетүүнү камсыз кылуу.

**6.2. Оператор төмөнкүлөргө укуктуу:**

6.2.1. Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү (анын ичинде SMS-билдирүүлөр же ЖМКдагы жарыялоо аркылуу, же башка ыкмалар менен) жана аларды Оператордун http://www.beeline.kg. расмий сайтында жайгаштыруу. Абонент көрсөтүлгөн билдирүүнү алган же тиешелүү маалымат/жарыялоо жайгаштырылган күндөн тартып 10 (он) күн өткөндөн кийин да абонент Оператордун кызматтарынан пайдаланууну улантса, өзгөртүүлөр абонент тарабынан кабыл алынды, ал эми келишим тараптардын макулдашуусу боюнча өзгөртүлдү деп эсептелет.

6.2.2. Оператордо абонентке катталган номерлери боюнча көрсөтүлгөн байланыш кызматына болгон карызы жөнүндө маалыматы бар болсо, абоненттин өздүк эсебине тиешелүү суммалар келип түшкөнгө чейин, кызматтарды көрсөтүүнү токтотуп туруу. Абонент келишимдин шарттарын же кызмат көрсөтүүнүн ушул Эрежелерин бузган учурда оператор абонентке кызмат көрсөтүүнү токтотууга да укуктуу. Оператор тарабынан кызматтарды көрсөтүүнү кайра баштоо бардык бузуулар толугу менен жоюлгандан кийин Оператордун тарифтери боюнча жүргүзүлөт.

6.2.3. Абонент керектөөчү кызматтардын көлөмүнө, убактысына, санына жараша, абонент Оператор белгилеген кызматтардын ушул түрүн керектөө чегине жеткенде, Оператор маалыматтарды берүү кызматына чектөөлөрдү (чектөөнүн чоңдугун) киргизүүгө укуктуу.

6.2.4. Абоненттин Оператор менен бир нече келишимдер боюнча тармакка кошулган бир нече номерлери болсо, Оператор каалаган убакта, уруксаты жок, Абоненттин бир өздүк эсебиндеги каражаттарды башка өздүк эсебинде пайда болгон карызын төлөө үчүн акцептсиз тартипте абоненттин эсебинен чыгарууга укуктуу.

6.2.5. Эгерде абонентте бир же бир нече абоненттик топтор болсо, Оператор каалаган убакта, акцептсиз тартипте, корпоративдик топтун ичиндеги тигил же бул абоненттик топ үчүн түзүлгөн карызды төлөө үчүн абоненттин өздүк эсебиндеги акча каражаттарын эсептен чыгарууга укуктуу жана тескерисинче, абоненттик топтун акча каражаттарын абоненттин өздүк эсебинде түзүлгөн карызын төлөө үчүн жөнөтүүгө укуктуу.

6.2.6. Келишим бузулган учурда Оператор келишим боюнча аткарылбаган милдеттенмелер боюнча абоненттин карызын төлөө үчүн кепилдик төлөмдүн суммасын (эгерде бар болсо) эсептен чыгарууга укуктуу.

6.2.7. Абонент колдонгон байланыш кызматтарынын тарифине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, комплекстүү тарифтик пландарга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, ошондой эле тарифтик планды же SMS- билдирүүлөрдү жөнөтүү жана/же тиешелүү маалыматты Оператордун веб-сайтына: http: // www.beeline.kg жайгаштыруу аркылуу же жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жарыялоо аркылуу тарифтик планды же айрым акы төлөнүүчү байланыш кызматтарын көрсөтүүнү токтотууга укуктуу. Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр киргизилгендиги жөнүндө Оператор абонентке тиешелүү өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге чейин кеминде 10 (он) календардык күн мурда кабарлайт.

Мында, эгерде тиешелүү маалымат жайгаштырылган/жарыяланган же абонент өзгөрүүлөр жөнүндө билдирүү алган күндөн тартып он (10) календардык күн өткөндөн кийин, абонент оператор менен өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү менен келишимди бир тараптуу бузуу укугун пайдаланбаса, анда бул көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр менен абоненттин макулдугун билдирет. Эгерде тарифтик пландын колдонулушун токтотуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып он (10) календардык күн өткөндөн кийин абонент башка жеткиликтүү тарифтик планга өтпөсө, Оператор абонентти автоматтык түрдө байланыш оператору өз каалоосу боюнча аныктаган параметрлери боюнча жакын тарифтик планга которууга укуктуу.

6.2.8. Корордативдик кардар төлөмдөрдү төлөбөгөн учурда, аткарылбаган милдеттенмелердин суммасын абоненттен өндүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды көрүүгө укуктуу.

6.2.9. Абонентке кызмат көрсөтүүнү токтото турууга жана/же чектөөгө:

- абонент тарабынан трафиктин ашыкча жана/же адаттан тыш керектөөсүнө алып келген атайын жабдууларды же техникалык каражаттарды колдонуу (мисалы, GSM шлюздары);
- байланыш тармагына жана Интернет-телефонияга кирүү үчүн шлюздарды, программалык камсыздоолорду орнотуу жана/же пайдалануу жана Оператордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз чакыруулардын багытын же телефондук байланыштарды түзүү тартибин, анын ичинде байланыш жабдууларынын жана түзүлүштөрүнүн иш жөндөмдүүлүгүн бузууга алып келүүчү багыттарды өзгөртүүгө багытталган Келишимде каралбаган башка иш-чараларды жүргүзүү;
- абонент атайын түзүлүштөрдү же техникалык каражаттарды колдонуу менен, анын ичинде Эрежелер жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынган, бирок алар менен чектелбестен Оператордун башка абоненттеринин, Оператордун кызматкерлеринин, ошондой эле үчүнчү жактардын укуктарын бузган же чектеген, жана/же бул адамдарга жана/же Операторго каржылык зыян келтирген, же Оператордун тармагынын нормалдуу ишмердүүлүгүнө жана кызматтарды сапаттуу көрсөтүүгө тоскоолдук кылган же Оператордун ишкердик беделине доо кетирген аракеттерди жасаса;
- байланыш тармагына санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн алууга багытталган иш-аракеттерди, ошондой эле байланыш Операторунун тармагына ушундай жеткиликтүүлүктү пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган жана/же ушул Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган башка аракеттерди жүзөгө ашыруу;
- массалык билдирүүлөрдү жөнөтүү, лотереяларды өткөрүү, добуш берүү, конкурстар, викториналар, жарнама, сурамжылоолор, үгүт мүнөзүндөгү билдирүүлөр, фроддук аракеттер үчүн байланыш кызматтарын пайдалануу жана байланыш оператору менен макулдашылбаган башка аракеттерди жасоо;
- абонент башка абоненттердин номерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык абоненттерге жана Операторго финансылык зыян келтирген же келтирүүгө жөндөмдүү болгон дайыма ашыкча сандагы чалууларды жасаса.

6.2.10.Тармактын эң жогорку жүктөм болуп жаткан маалында тармактык ресурстарды калыс бөлүштүрүү аркылуу бардык тарифтик пландар боюнча Компаниянын бардык абоненттери үчүн ыңгайлуу Интернетке жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн трафик менен адилеттүү пайдалануу саясатын (FUP – Fair Usage Policy) колдонуу. Эгерде эсептешүү мезгилинде абонент Интернет-трафиктин аномалдуу чоң көлөмүн колдонсо жана башка

абоненттерге ыңгайсыздык жаратса, тутум эсептешүү мезгилдин аягына чейин Интернетке жана/же белгилүү бир ресурстарга кирүү артыкчылыктарын төмөндөтөт. Кезектеги абоненттик төлөм эсептен чыгарылган күндөн тартып, ошондой эле кошумча интернет топтомдорун сатып алган учурда Интернетке кирүү артыкчылыктары автоматтык түрдө калыбына келет. Тутум абонент керектеген интернет-трафиктин түрүнө жана көлөмүнө, базалык станциянын иш жүгүнө, сутканын убактысына жана активдүү абоненттердин санына жараша аномалдуу чоң көлөмдөгү интернет-трафиктин абоненттерин автоматтык түрдө аныктайт.

6.2.11. Акысыз негизде абонентке роуминг кызматын туташтырып, роуминг кошулгандыгы жөнүндө пост-билдирүү жөнөтүү аркылуу кабарлайт. Роуминг кызматын өчүрбөө жана роуминг кызматынан андан ары пайдалануу абоненттин оператордун сайтында көрсөтүлгөн тартипте жана тарифтер боюнча бул кызматтарды көрсөтүүгө макулдугу болуп саналат. Мында абонент роуминг кызматын тейлөөнүн каалаган каналы аркылуу өчүрүүгө укуктуу (Мой Beeline KG ж.б  тиркемелерде өчүрүү үчүн тиешелүү сервистик команданы терүү жолу менен).

6.2.12. КР мыйзамдарында каралган башка укуктар менен колдонуу.

**6.3. Абонент төмөнкүлөргө милдеттүү:**

6.3.1. Колдонуудагы аны иштетүү боюнча нускамаларга ылайык жана белгилүү бир аймакта (аэропорт, учак ж.б.) иштеген өзгөчө тескемелерди жана эрежелерди, ошондой эле жолтоолор же кооптуу кырдаал пайда болушу мүмкүн болгон учурлардагы (медициналык мекемелер, техникалык тейлөө станциялары, күйүүчү май сактоочу жана кайра жүктөөчү жайлар, жардыруу иштерин жүргүзгөн жерлерде ж.б.) чектөөлөрдү эске алуу менен сертификатталган гана абоненттик жабдууларды колдонууга;

6.3.2. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн келишим (же тарифтик план) тарабынан аныкталган толук көлөмдө жана мөөнөттө акысын төлөөгө;

6.3.3. Келишимде жана Эрежелерде каралган учурларда жана тартипте жеке эсебине оң балансты салууга.

6.3.4 Операторго келишим түзүү үчүн зарыл болгон документтерди берүүгө. Керектүү документтердин тизмеси мыйзамдарда, атап айтканда Кызмат көрсөтүү эрежелеринде аныкталат;

6.3.5. Операторго өздүктү тастыктаган документ жөнүндө (анын ичинде алмаштыруу, жоготуу ж.б.у.с. учурларда документтин реквизиттери өзгөргөн учурда), банктык реквизиттер, иш жүзүндө жайгашкан жери жана юридикалык дареги же катталган дареги жөнүндөгү маалыматтарды, ошондой эле келишимдин максатында колдонулган башка маалыматтарды берүүгө. Абоненттин каттоо маалыматтарынын өзгөрүүлөрү тууралуу алар өзгөрүлгөн күндөн баштап 10 (он) күндүн ичинде Операторго жазуу жүзүндө билдирүүгө;

6.3.6. Башка адамга өткөрүп берүүдө, ошондой эле башка адамдын SIM-картасын кабыл алууда жана пайдаланууда 10 календардык күндүн ичинде оператордун өзүн-өзү тейлөө тиркемелери аркылуу же оператордун кеңсесинде алыстан берилген же пайдаланылган номерге келишимди кайра жол-жоболоштурууга. SIM-картаны кайра тариздөө жана жаңы пайдалануучу менен келишим түзүү үчүн операторго зарыл документтерди берүүгө жана персонификациялоо жол-жобосунан өтүүгө, персонификациялоо жол-жобосу өтпөгөн учурда оператор келишим түзүүдөн баш тартууга укуктуу;

6.3.7. Глобалдык Интернет тармагында материалдарды, маалыматтарды, кызматтарды жана продуктуларды пайдалануу менен байланышкан тобокелдиктерди өз алдынча көтөрүү. Оператор, бул учурда, бир гана маалымат кызматтарын камсыз кылат жана интернет мазмуну үчүн жоопту эмес;

6.3.8. Лотереяларды, добуш берүүлөрдү, конкурстарды, викториналарды, реклама, сурамжылоолорду өткөрүү, жалпы билдирүүлөрдү, үгүт мүнөзүндөгү билдирүүлөрдү, фроддук иш-аракеттерди жөнөтүү, туруктуу байланыш тармагына кирүү үчүн шлюздарды (же түзүлүштөрдү) орнотуу, интернет-телефония жана байланыш оператору менен макулдашылбаган башка иш-аракеттер, анын ичинде байланыш жабдууларынын жана түзүлүштөрүнүн иштөө жөндөмүнүн бузулушуна, ошондой эле оператордун зыянга учурашына алып келген абоненттик номерлерди пайдаланбоо;

6.3.9. SIM-картаны жана/же абоненттик терминалды жоготкондугу жөнүндө операторго дароо *611 колдоо кызматына чалып кабарлоого. Бул учурда абонент коддук сөздү же башка идентификаторлорду милдеттүү түрдө билдирүү менен далдалдаштыруу процедурасынан өтөт.

6.3.10. SIM-картаны үчүнчү жактарга андан маалыматты алып салуу, маалыматты көчүрүү, SIM-карталардын жуп нускасын жасоо жана башка ушул сыяктуу аракеттерди жасоого мүмкүндүк бербөөгө, ошондой эле эрежелердин ушул бөлүмүндө көрсөтүлгөн мыйзамсыз аракеттерди аткаруусуна алып келиши мүмкүн болгон үчүнчү жактардын SIM-картага убактылуу кирүүгө мүмкүн эместигин камсыз кылууга;

6.3.11. Оператордун http://www.beeline.kg, веб-сайтында жарыяланган Оператордун кызматтарын колдонуу боюнча ушул эрежелерин сактоого жана ушул документке киргизиле турган бардык өзгөрүүлөрдү жана/же кошумчаларды кабыл алууга;

**6.4. Абонент төмөнкүлөргө укуктуу:**

6.4.1. Келишимдин жоболоруна жана ушул Эрежелерге ылайык Оператор көрсөткөн кызматтарды колдонууга;

6.4.2. Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси, сатуу жана тейлөө офистеринин иш режими, байланыш кызматтары үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу жерлери жөнүндө зарыл жана ишенимдүү маалыматтарды алууга;

6.4.3. Кызмат көрсөтүү эрежелери, тарифтик пландардын жана кызматтардын тизмеси менен келишим түзүү учурунда да, келишимди аткаруу мезгилинде да таанышууга;

6.4.4. Оператордун акысыз маалыматтык-маалымдама кызматтары менен колдонууга;

6.4.5. Жазуу жүзүндөгү кайрылуулар менен Операторго кайрылууга;

6.4.6. Абонент жазуу жүзүндөгү арызы боюнча өзүнүн абоненттик номери боюнча детализацияны алууга укуктуу (байланыш кызматтарынын акы төлөнүүчү түрлөрүн көрсөтүү менен жүргүзүлгөн байланыштардын күнүн жана убактысын, суммасын, алардын узактыгын жана абоненттик номерлерин көрсөтүү менен). ЭАСнын мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен Оператор абонент тарабынан колдонулган абоненттик номерлер боюнча абонент кайрылган күндөн баштап 3 (үч) жылдан ашпаган мөөнөт ичинде болгон детализацияны бере алат. Мында, абоненттик номердеги окуялардын детализациясы абонентке Оператордун тутумдары тарабынан белгиленген форматта берилет. Суралган мөөнөткө жараша детализациянын форматы озгорушү мүмкүн, мисалы, акыркы 6 (алты) ай ичиндеги детализация агрегаттуу түрүндө берилет. Белгилүү бир мезгилге деталдаштыруу абоненттин тиешелүү арызынын негизинде бир жолу жана анын байланыш кызматын колдонгон мезгилине гана берилет.

Кызматтын баасы оператордун тарифтерине ылайык берилет. Белгилүү бир мезгил үчүн деталдаштыруу абоненттин тиешелүү арызынын негизинде жана абонентти идентификациялоо жол-жобосунан өткөн шартта байланыш кызматынан өткөн мезгил үчүн гана бир жолу берилет.

6.4.7. Келишимге кол коюу менен Абонент Оператор тарабынан өз алдынча

аныкталуучу Оператордун акысыз кошумча кызматтарынын тизмесин алууга (мисалы, Оператордун ишмердиги, анын тарифтери жана кызматтары жөнүндө жарнак мүнөзүндөгү маалыматы бар кыска тексттик билдирүүлөр; Оператор менен келишимдин негизинде үчүнчү жактар тарабынан тармак боюнча жайылтылган жарнактык маалыматты алууга) макул болот. Ошол эле учурда, жарандардын өмүрүн жана ден соолугун коргоонун абалы, алардын мүлкүн жана айлана-чөйрөнү өзгөчө кырдаалдарда коркунучтардан сактоо жөнүндө эскертүү менен байланышкан өзгөчө, шашылыш жана башка кырдаалдар жөнүндө билдирүүлөрдү кошпогондо, абонент Оператордун кеңселерине жазуу жүзүндө арыз берүү менен алардан баш тартууга укуктуу. Мындай билдирүүлөр приоритеттүү болуп саналат жана абонент аларды алуудан баш тартууга укугу жок. Оператор сурамды алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде Оператор тарабынан жөнөтүүлөрдүн тизмесинен чыгарып салуу ишке ашырылат.

## VII. Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн баалар (тарифтер)

7.1. Абоненттке көрсөтүлгөн бардык кызматтар үчүн тарифтер Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат жана тарифтик пландарда чагылдырылат. Тарифтик пландардын тизмеси жана кошумча кызматтардын топтому Оператордун расмий веб-сайтында: http://www.beeline.kg жана/же тиешелүү жарнактык-маалыматтык материалдарда жарыяланат.

7.2. Абонентке көрсөтүлгөн байланыш кызматтары абонент тандаган тарифтик план боюнча тарифтештирилет.

7.3. Роуминг кызматы абонентке тарифтик планда же роуминг кызматында белгиленген шарттарда, роуминг кызматын көрсөтүү учурунда колдонулуучу роуминг өнөктөштүн тарифтерин эске алуу менен көрсөтүлөт.

7.4. Абонентке Оператордун тармагынан эл аралык багыттарга чыгуучу чалууларды жасоого мүмкүндүк берүүчү эл аралык байланыш кызматы абонент тандаган тарифтик пландын шарттарында көрсөтүлөт.

7.5. Интернет таратуу кызматы Оператор тарабынан абоненттин тарифтик планынын шарттарында жана/же мындай кызматтын шарты менен берилет.

7.6. Абоненттик жабдуулар бул кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон атайын техникалык талаптарга жооп берген шартта айрым байланыш кызматтары абонентке көрсөтүлүшү мүмкүн. Абоненттик жабдуулардын абонент Операторго буюртма берген кызматтарга туура келбегендиги үчүн Оператор жоопкерчилик тартпайт.

7.7. Тарифтик планда негизги пакеттерден тышкары пакеттик тарифтер боюнча тарифтөө каралышы мүмкүн, бардык шарттар байланыш операторунун расмий сайтындагы тарифтик план карточкасында жайгаштырылат.

7.8. Абонентке көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарынын тизмеси байланыш операторунун (үчүнчү жактардын) колдонуудагы сунуштарына ылайык абонент тарабынан кошумча тапшырык кылынган байланыш кызматтарын эске алуу менен абонент тандаган тарифтик план менен аныкталат.

7.9. Радиотелефондук туташтыруунун узактыгы-чакырылып жаткан тараптын жооп берүүчү операторунун аппаратурасы тарабынан аныкталган учурдан тартып Тараптардын биринин радиотелефондук туташуусунун үзүлүү операторунун аппаратурасы тарабынан аныкталган учурга чейинки убакыт аралыгынын узундугу. Жооп сигналы чакырылган тараптын жообуна теңештирилген абоненттик жабдууга төмөнкүлөр кирет:

- маалыматты автоматтык түрдө кабыл алуу режиминде иштеген модем же факс аппараты;
- авто-жооп берүүчү менен жабдылган каалаган абоненттик шайман;

- номерди автоматтык түрдө аныктоочу абоненттик жабдуу;
- чакырылып жаткан тарап жооп бербеген учурда маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган (же окшоштурган) башка абоненттик түзүлүш.

7.10. Оператор мыйзамдын талаптарына ылайык тарифтик пландарда байланыш кызматына тарифтик бирдиктин өлчөмүн жана төлөө тартибин өз алдынча белгилөөгө укуктуу.

7.11. Көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы төлөө радиотелефон байланышынын узактыгына, байланыш кызматтарынын жана АЭС маалыматтарына ылайык башка кызматтардын көлөмүнө жараша аныкталат.

7.12. Оператор байланыш кызматтарына тарифтерди өз алдынча белгилөөгө, тарифтик пландарды түзүүгө, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, ошого тете аларды жоюуга укуктуу.

Байланыш оператору абоненттерге көчмө радиотелефон байланыш кызматына алар колдонгон тарифтерге өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге, комплекстүү тарифтик пландарга өзгөртүүлөр киргизилгенге, тарифтик пландын иш-аракети токтотулганга же айрым акы төлөнүүчү байланыш кызматтары көрсөтүлгөнгө чейин 10 (он) календардык күндөн кем эмес убакытта байланыш операторунун веб-сайты аркылуу жана(же) байланыш операторунун www.beeline.kg веб-сайты аркылуу кабарлайт.

Эгер тарифтердин жогорулашы байланыш кызматынын наркына киргизилүүчү салыктарды киргизүүнүн, көбөйтүүнүн же өзгөртүүнүн эсебинен болсо, абоненттерге билдирүү талап кылынбайт.

Тарифтик план жоюлган учурда Оператор абоненттерге маалыматты оператордун www.beeline.kg расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу кабарлайт жана / же абонентке тиешелүү эскертүү жөнөтөт. Тарифтик план жоюлган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде абонент (https://www.beeline.kg/ru/products/tariffs) сервистик команданы терүү же *611 номери боюнча оператордун контакт-борборуна кайрылуу аркылуу оператордун башка каалаган тарифтик планына өтүүгө укуктуу, мында Контакт-борбордун операторлору тарифтик планды тандоого жардам берет. Эгер тарифтик пландын аракетин токтотуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып 10 календардык күн өткөндөн кийин абонент башка жеткиликтүү тарифтик планга өтпөсө, байланыш оператору абонентти автоматтык түрдө байланыш оператору өз каалоосу боюнча аныктаган параметрлери боюнча жакын тарифтик планга которот.

7.13. Колдонулуп жаткан тарифтин жана/же тарифтик пландын абоненттин демилгеси менен өзгөртүлүүсү абоненттик терминалдан буйрук киргизүү жолу менен да, ошондой эле Оператор тарабынан берилген башка ыкмалар менен да жүргүзүлүшү мүмкүн. Абонент- жеке жактын электрондук каражаттарды, кирүү коддорун, USSD суроо-талаптарын жана абоненттин номеринен башка сервистик буйруктарды колдонуу менен Операторго берилүүчү суроо-талаптары жана тескемелери буйруктун абоненттин өзү тарабынан берилгендигин тастыктайт жана алар абонент тарабынан Операторго жазуу жүзүндө берилген сыяктуу эле юридикалык күчкө ээ.

## VIII. Абонент менен көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн эсептешүү

8.1. Оператор абонент менен көрсөтүлгөн кызматтары үчүн эсептешүүнү жүргүзөт. Эсептешүүнү жургүзүүгө Оператор тарабынан үчүнчү жактар тартылышы мумкүн.

8.2. Оператордун уюлдук түйүн аркылуу көрсөткөн кызматтары үчүн абонент менен эсептешүү жүргүзүүгө негиз болуп Оператордун ЭАСнын жардамы менен алынган маалыматтар саналат.

8.3. Байланыш кызматтарынын акысын төлөө накталай жана накталай эмес, анын ичинде алдын ала төлөөчү картаны активдештирүү, жолу менен жүзөгө ашырылат.

8.4. Төлөм Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы (сом) менен жүргүзүлөт.

8.5. Комиссиялар жана башка кошумча төлөмдөр, анын ичинде SWIFT тутумун колдонууда, абонент байланыш кызматтары үчүн төлөгөндө чогултулган төлөмдөр абонент тарабынан өз алдынча, анын эсебинен төлөнөт.

8.6. Байланыш кызматтары үчүн эсептешүү төмөнкү эсептик тутумдарды колдонуу менен жүзөгө ашырылат:

- эсептешүүлөрдүн кредиттик тутуму (постпейд);
- эсептешүүлөрдүн аванстык тутуму (препейд);

8.7. Абонент тарабынан тандалган эсептешүүлөр тутуму келишимде көрсөтүлөт.

8.7.1. Роуминг кызматын көрсөтүү учурунда абонент тарабынан демилгеленген чалууларды жана байланыштарды иш жүзүндө тарифтештирүү роуминг-өнөктөштүн техникалык каражаттары аркылуу ишке ашырылгандыктан, абонент алган кызмат көрсөтүүлөрдүн акчалай эквиваленти анын өздүк эсебиндеги суммадан ашып кетиши мүмкүн. Мындай учурда абонент өзү тандаган төлөм тутумуна карабастан, ал керектеген кызматтардын бардык көлөмүн төлөөгө милдеттүү. Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүн аныктоо Оператордун ЭАСнын же роуминг-өнөктөштүн байланыш жабдууларынын көрсөткүчтөрүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

Эгерде Оператордо Абоненттин роуминг кызматтарын керектөөлөрү жөнүндө маалымат болсо, Абоненттин Келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тартуусу роуминг үчүн төлөмдөрдү жана көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдү жүргүзгөндөн кийин гана мүмкүн болот.

8.8. Эсептешүүлөрдүн кредиттик тутуму (постпейд):

8.8.1. Эсептешүүлөрдүн кредиттик тутуму учурунда абонент Оператор тарабынан өз алдынча аныкталып жана өзгөртүлүп берилген кредиттик лимиттин чегинде Оператордун кызматтарын колдонууга укуктуу;

8.8.2. Абонент кредиттик лимиттен ашып кетсе, абонент кредиттик лимиттин суммасын көбөйтүү үчүн Операторго арыз менен кайрылышы керек.

8.8.3. Эсептешүүлөрдүн кредиттик тутуму абонент тарабынан кепилдик төлөмүн салуусун (милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу ыкмасын) караштыра алат. Кепилдик төлөм абоненттин өздүк эсебине киргизилет. Көрсөтүлгөн эсепти төлөгөнгө чейин Оператор абонентке кызмат көрсөтпөгөнгө укуктуу. Кепилдик төлөмдүн чоңдугу абоненттик номерлердин санына, тандалган кызматтардын тизмесине жана көлөмүнө жараша болот. Кепилдик төлөмдүн суммасына пайыздар чегерилбейт;

8.8.4. Оператор абонентке болгон ишеним деңгээлине жараша кепилдик төлөм боюнча талаптарды абонент аткарбаса да байланыш кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу. Абонентке болгон ишеним деңгээли Оператор тарабынан ар бир конкреттүү учурда өз алдынча аныкталат;

8.8.5. Эгерде көрсөтүлгөн кызматтардын наркы төлөнгөн кепилдик төлөмдүн суммасынан ашып кетсе, ошондой эле абонент колдонгон байланыш кызматтарынын көлөмүнө жана наркына жараша оператор бул тууралуу абонентке билдирүү менен кепилдик төлөмдүн өлчөмүн өзгөртүүгө укуктуу, Абонент гарантиялык төлөмдөрдү жогорулатуу үчүн кошумча сумманы төлөөдөн баш тарткан учурда, Оператор абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүн пропорционалдуу чектөөгө же кредиттик лимитти азайтуу укугуна ээ.

8.9. Эсептешүүлөрдүн аванстык тутуму (препейд):

8.9.1. Эсептешүүлөрдүн аванстык системасында абонент оператор байланыш кызматын көрсөтө баштаганга чейин өздүк эсепке тандалган тарифтик план менен аныкталган, өздүк эсепте оң калдык пайда болгон суммада аванс (төлөм) салат. Аванстын минималдуу суммасы

тарифтик планга же тиешелүү кызматка жараша, анын ичинде роуминг кызматтары боюнча оператор тарабынан аныкталат. Абоненттен түшкөн бардык төлөмдөр оператор тарабынан анын өздүк эсебине чегерилет.

8.9.2. Эсептешүүлөрдүн аванстык системасы оператордун абонентке эсеп берүүсүн караштырбайт.

8.9.3. Номерден токсон (90) календардык күндүн ичинде чыгуучу акы төлөнүүчү тармактык активдүүлүк (чыгыш байланыштар жана/же чыгыш SMS-билдирүүлөр жана/же интернет-сессиялар) жок болсо, абоненттик номерди оператордун байланыш кызматтарына чектелген кирүү режимине (мындан ары "чектелген кирүү режими" же "күтүү режими") автоматтык түрдө которот. Чектелген колдонуу режиминде абонентке чыгыш чалууларды жана туташтырууларды жасоо мүмкүнчүлүгү чектелет (шашылыш ыкчам кызматтарга жетүүдөн тышкары). Эгерде тарифтик планда башка мөөнөт белгиленбесе, чектелген пайдалануу режимин колдонуу мөөнөтү токсон (90) календардык күндү түзөт.

Чектелген пайдалануу режими абонент тарабынан анын өздүк эсебине акча каражаттары чегерилген жана бирден кем эмес акы төлөнүүчү тармактык активдүүлүк жүргүзүлгөн учурдан тартып токтотулат. Андан кийин абонент оператордун байланыш кызматынан толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алат. Абоненттин өздүк эсебин толуктабоосу жана чектелген колдонуу режиминин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде жок дегенде бир акы төлөнүүчү тармактык активдүүлүктү жасабоосу келишимди бузууга, оператор тарабынан тармактан абоненттик номерди бир тараптуу өчүрүп, андан кийин абонентке алдын ала билдирбестен алып коюуга алып келет. Мындай учурда абонентке мындай номер боюнча байланыш кызматын көрсөтүү токтотулат, ал эми келишим Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 22-сентябрындагы №501 Министрлер кабинети тарабынан бекитилген көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринин 77-пунктуна ылайык бузулган болуп эсептелет.

8.9.4. Келишим бузулган учурда, эгерде абоненттин өздүк эсебинде акча каражаттары бар болсо, бул каражаттар абонентке арыз менен кайрылуусу аркылуу кайтарылып берилет. Абонент келишимдин бузулушуна байланыштуу төлөмдү кайтарып берүү өтүнүчү менен кайрылган учурда, абоненттин номери токтотулган учурда, ошондой эле абонент активдүү номер боюнча келишимди бузган учурда, Абонент Компаниянын сатуу жана тейлөө бөлүмүнө акча каражаттарынын калдыктарын кайтарып берүү үчүн, кайтарып берүү ыкмасын жана мындай кайтаруу үчүн зарыл болгон реквизиттерди көрсөтүп, арыз менен кайрылуусу зарыл. Абонентке тиешелүү акча каражаттарын кайтарып берүү абоненттин арызы катталган күндөн тартып он беш календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт, ал эми арызда акча каражаттарын кайтарып берүү жөнүндө реквизиттер камтылбаган учурларда, мөөнөт отуз (30) календардык күнгө чейин узартылышы мүмкүн.

Абонент роумингде болгон учурларда, абонентке тиешелүү акча каражаттарын кайтарып берүү келишимде каралган мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат. Көрсөтүлгөн мөөнөт оператор абоненттен тиешелүү арызды алган учурдан тартып 90 (токсон) календардык күндөн ашпашы керек. Абоненттин өздүк эсебинде келишимдин мөөнөтүнүн ичинде жана келишим бузулгандан кийин калган акча каражаттары абонентке төмөнкүдөй тартипте кайтарылат: абонент алынган кызматтар үчүн төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаргандан кийин, келишим боюнча төлөнгөн сумманын жана келишимди бузуу учурунда алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын ортосундагы айырма Оператор белгилеген тартипте жана мөөнөттө абонентке кайтарылып берилет.

Ушул пунктта белгиленген тартипте талап кылынбаган, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө эсебине салынган акча каражаттары байланыш оператору тарабынан доонун эскирүү мөөнөтү аяктаганга чейин өзүнчө жыйынтык эсепте эсепке

алынат. Доонун эскирүү мөөнөтү өткөндөн кийин байланыш оператору талап кылбаган акча каражаттары башка кирешелер деп таанылат.

8.10. Эсептешүүлөрдүн кредиттик системасындагы кызматтарга төлөө тартиби (постпейд) абонент – корпоративдик кардар менен түзүлгөн байланыш кызматтарын көрсөтүү келишиминде көрсөтүлөт.

8.11. Абонент тарабынан башка абоненттин өздүк эсебине кассалар, алдын ала төлөө карталары, терминалдык түзүлүштөр жана байланыш оператору берген башка ыкмалар аркылуу төлөмдү жаңылыш киргизгендиги үчүн байланыш оператору жоопкерчилик тартпайт.

## IX. Келишимди токтото туруунун, өзгөртүүнүн жана бузуунун тартиби жана шарттары

9.1. Абонент Операторго жазуу жүзүндө арыз берүү жана аны бузуунун иш жүзүндөгү күнүнө чейин ага бардык төлөмдөрдү жүргүзүү менен келишимди бир тараптуу бузууга укуктуу.

9.2.Абонент тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул Эрежелерде же келишимде белгиленген байланыш кызматтарын көрсөтүүгө байланышкан талаптар бузулган учурда, Оператор бузуу жоюлганга чейин байланыш кызматтарын көрсөтүүнү токтото турууга укуктуу.

Ушул Эрежелердин 6-бөлүмүнүн 6.2.2., 6.2.9. пункттарында көрсөтүлгөн учурларда Оператор кызматтарын көрсөтүүнү токтото турууга жана/же токтотууга укуктуу.

9.3. Келишим бузулган учурда абонентке, ушул Эрежелердин 8.9.4.-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөтүндө көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн акыркы эсептешүүлөрдөн кийин, өздүк эсебинде калган сумма кайтарылып берилет. Абоненттик жабдууларды тармакка туташтыруу үчүн төлөм, SIM-картанын наркы жана Оператор тарабынан абоненттин өздүк эсебине чегерилген дем берүүчү каражаттар (бонустар, упайлар ж.б.), ошондой эле Абоненттин мыйзамсыз аракеттеринин натыйжасында өздүк эсепке келип түшкөн суммалар кайра кайтарылбайт.

9.4. Байланыш тармактарынын номерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан өзгөртүлгөн учурда, байланыш Оператору абоненттин макулдугусуз мындай алмаштыруунун мөөнөттөрү жана себептери жөнүндө ички билдирүүлөр жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 22-сентябрындагы Министрлер кабинетини бекиткен №501 Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринде каралган тартипте жана мөөнөттө кабарлоо менен абоненттик номерлерди өзгөртүүгө укуктуу.

9.5. Ушул Эрежелерде каралган келишимди токтото туруу, өзгөртүү жана бузуу тартиби жана шарттары өз аракетин оператордун абоненттик номурларына, анын ичинде номерлердин акы төлөнүүчү категорияларына да жайылтат.

## X. Тараптардын жоопкерчилиги

10.1. Оператор абоненттин алдында келишимдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы, кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтардын аныктыгы үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана келишимде каралган башка учурларда жоопкерчилик тартат.

10.2. Оператор бузулган же оң эмес абоненттик жабдууларды, ошондой эле, эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында талап кылынса, коопсуздук талаптарына шайкештигине сертификаты жок абоненттик жабдууларды же өндүрүүчүнүн макулдугусуз өзгөртүлгөн же модификацияланган абоненттик жабдууларды колдонуу менен

байланышкан тармактын иштешинин мүмкүн болуучу начарлашы же токтотулушу үчүн жоопкерчилик тартпайт. Оператор байланыш кызматтары менен технологиялык жактан ажырагыс байланышта болгон үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү кошумча жана башка кызматтардын сапаты үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10.3. Оператор үчүнчү жактар тарабынан башкарылган глобалдык Интернеттин айрым түйүндөрүнүн же ресурстарынын жеткиликсиздиги үчүн жоопкерчилик тартпайт. Мындай жеткиликсиздик учурлары байланыш үзгүлтүктөрү же бузулуулар болуп саналбайт.

10.4. Оператор төмөнкүлөргө жоопкерчилик тартпайт:

- абоненттер жөнөткөн телефондук чалуулар жана билдирүүлөр үчүн, эгерде алардын автору Оператор өзү болбосо, ошондой эле бул билдирүүлөр тарабынан кардарга келтирилген зыян үчүн;
- абонент/пайдалануучу тарабынан маалымат берүү кызматынан пайдалануунун алкагында Интернет түйүнүндө алынган контенттин мазмуну үчүн;
- үчүнчү жактар тарабынан абоненттик терминалды уруксатсыз пайдаланганда жана алар абоненттин эсебинен байланыш кызматын пайдаланган учурда;
- абоненттин атынан Оператордун маалыматтык-маалымдама кызматына кайрылганда жана Абонент жөнүндө маалыматты үчүнчү тараптын жеке маалыматтарды, Оператордун күнөөсү жок болгон абоненттин код сөзүн жана башка идентификаторлорун колдонуу менен алган учурда;
- жеңе алгыс күч ("форс-мажор") жагдайынын келип чыгуусуна байланыштуу абоненттин байланыш кызматтарын толук же жарым-жартылай колдоно албагандыгынан пайда болгон чыгымдары жана башка кесепеттери үчүн.
- байланыш түзүлүшүн идентификациялоонун мамлекеттик системасынын алкагында байланыш түзмөгү "кара тизмеде" болгон учурда байланыш түзүлүшүн (абоненттик терминалды) пайдалануу мүмкүн болбогондугу үчүн;
- эгерде байланыштын жоктугу же талапка жооп бербеген сапаты башка операторлордун, анын ичинде роуминг-өнөктөштөрдүн тармагындагы аракеттерден же Оператордун кызматтарын үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар менен айкалыштыруудан жана/же тармактын иштешинин мүмкүн болгон начарлашынан же токтотулушунан улам келип чыккан же бузулган же бузулган абоненттик жабдууларды пайдалануу менен байланышкан болсо.

10.5. Абонент байланыш Операторунун алдында төмөнкү учурларда жоопкерчилик тартат:

- Операторго ушул келишимди түзүү үчүн зарыл болгон анык жана толук маалыматты берүү;
- байланыш кызматтары үчүн төлөбөө, толук эмес же өз убагында эмес төлөө;
- абоненттик терминалды иштетүүнүн эрежелерин сактабоо;
- белгиленген талаптарга жооп бербеген абоненттик терминалды көчмө радиотелефон байланыш тармагына туташтырууга тыюу салууну сактабоо, ошондой эле терминалдык жабдууларды эксплуатациялоо эрежелерин сактабоо;
- Оператордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз, байланыш кызматтарын лотереяларды, добуш берүүлөрдү, конкурстарды, викториналарды, жарнактарды, сурамжылоолорду, билдирүүлөрдү массалык түрдө жөнөтүүлөрдү, үгүт мүнөзүндөгү билдирүүлөрдү, SMS-билдирүүлөрдү, алдамчылык аракеттерди жана байланыш оператору менен макулдашылбаган башка аракеттерди жасоону.
- байланыш тармагына жана Интернет-телефонияга кирүү үчүн шлюздарды, программалык камсыздоолорду орнотуу жана/же пайдалануу жана оператордун жазуу

жүзүндөгү макулдугусуз чакыруулардын багытын же телефондук байланыштарды түзүү тартибин өзгөртүүгө багытталган, анын ичинде байланыш жабдууларынын жана түзүлүштөрүнүн иш жөндөмдүүлүгүн бузууга алып келген башка иш-чараларды жүргүзүү;

- байланыш тармагына санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн алууга багытталган иш-аракеттерди, ошондой эле байланыш операторунун тармагына ушундай жеткиликтүүлүктү пайдаланууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган башка аракеттерди жүзөгө ашыруу.

10.6. Абонент ушул келишим боюнча анын атына берилген телефон номерине ээлик кылуу жана колдонуу фактысы боюнча берилген маалыматтардын так эместиги үчүн жоопкерчилик тартат. Чыныгы колдонуучудан дооматтар жана талаптар келип түшкөн учурда Оператор бул келишимди бир тараптуу бузууга жана абоненттик номерди алып коюуга укуктуу.

10.7. Абонент абоненттик жабдууларды вирустардан (анын ичинде компьютердик вирустардан) жана программалык камсыздоону жана операциялык тутумду (мындан ары – «мобилдик вирус») жабыркатуучу башка программалардан коргоону камсыз кылат. Абонент абоненттик жабдуулардын программалык камсыздоосуна атайын программаларды, анын ичинде антивирустук программаларды орнотуу аркылуу өзүнүн жабдууларын мобилдик вирустардан коргоо үчүн бардык чараларды көрүүгө милдеттенет. Мобилдик вирустун аракетинин натыйжасында, абоненттик жабдуулар абоненттин эркине каршы байланыш кызматын демилгелеген учурда, ЭАС нын маалыматтары боюнча тиешелүү кызматтарга төлөө боюнча жоопкерчилик абонентке жүктөлөт.

## XI. Өзгөчө шарттар

11.1. Оператор менен Келишимге кол коюу менен Абонент (эркин, өз каалоосу жана өз кызыкчылыгында) Оператордун атынан иш алып барган үчүнчү жактар Оператор тарабынан келишимдин жана ушул Эрежелердин жоболорун аткаруу максатында анын жеке маалыматтарын иштеп чыгууга жана алар менен таанышууга укуктуу экендигине макулдугун берет. Ошол эле учурда, абонент ушул келишимдин жоболорун Оператор тарабынан тез арада аткарылышы үчүн электрондук байланыш каналдары (Интернет) аркылуу үчүнчү жактарга өзүнүн жеке маалыматтарын берүүгө да макул болот.

11.2. Абонент түйүндүн жүгү көп болгон сааттарда түйүндүк ресурстарды акыйкат бөлүштүрүү аркылуу компаниянын бардык абоненттерине Интернетке ыңгайлуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу максатында оператордун трафикти (FUP - Fair Usage Policy) адилеттүү пайдалануу саясатын колдонуу укугуна макулдук берет.

Эгерде эсептешүү мезгилинин ичинде абонент интернет-трафиктин өтө чоң көлөмүн пайдаланса жана башка абоненттер үчүн ыңгайсыздыктарды жаратса, система эсептешүү мезгилинин аягына чейин интернетке кирүү артыкчылыгын азайтат.

Интернет-трафиктин көлөмү өтө чоң болгон абоненттерди система абонент пайдаланган интернет-трафиктин көлөмүнө, базалык станциянын жүктөмүнө, сутканын убактысына, Активдүү абоненттердин санына жараша автоматтык түрдө аныктайт.

Мындай ыкманын негизги артыкчылыгы түйүндүн ресурстарын бардык абоненттердин ортосунда адилеттүү бөлүштүрүү жана мүмкүн болгон максималдуу ылдамдык берүү болуп саналат.интернет-трафиктин көлөмүнө, базалык станциянын иш жүгүнө, сутканын убактысына жана активдүү абоненттердин санына жараша интернет-трафиктин аномалдуу чоң көлөмүн колдонгон абоненттерди автоматтык түрдө аныктайт.

Бул ыкманын негизги артыкчылыгы – тармак ресурстары бардык абоненттер арасында адилеттүү бөлүштүрүлөт жана максималдуу мүмкүн болгон ылдамдык камсыз кылынат.

11.3. Абонент маалыматтык-сурап билүү кызматын абонент тарабынан моралдык-этикалык ченемдерди бузуу, анын кызматкерлеринин дарегине мазактоо же нормативдүү эмес сөздөрдү колдонуу менен жүзөгө ашырган оператордун кызматкерлерине кайрылган учурда, Оператор маалыматтык-сурап билүү кызматын токтото турууга жана/же чектөөгө укуктуу.

## XII. Даттанууларды жана дооматтарды коюу жана кароо тартиби

12.1. Кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан маселелер боюнча бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Оператор менен абонент келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сүйлөшүү жолу менен чечүүгө умтулушат. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар макулдашууга жетише албаган пикир келишпестиктер Байланыш оператору жайгашкан жер боюнча Кыргыз Республикасынын сот органдары тарабынан каралууга тийиш.

12.2. Оператор байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча милдеттенмесин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, абонент сотко кайрылганга чейин Операторго доо менен кайрылат (талашты сотко чейин чечүү тартиби).

Абоненттин дооматы жазуу жүзүндө берилет жана ал Операторго түшкөн күнү катталууга тийиш. Операторго окуй албай турган колжазма менен жазуу жүзүндөгү доомат келип түшкөн учурда, Оператор Кардарга кайра кайрылуусун өтүнгөн себептери жөнүндө жооп кат жөнөтүү менен мындай дооматты карабоого укуктуу.

Байланыш кызматтарын көрсөтүүдөн баш тартууга, келишимден келип чыккан милдеттенмелерди өз убагында же талаптагыдай аткарбоо, кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебине макул болбогондукка байланыштуу маселелер боюнча дооматтар кызмат көрсөткөн, аны көрсөтүүдөн баш тарткан же эсепти чыгарган күндөн баштап 3 (үч) айдын ичинде берилет.

12.3. Дооматка келишимдин көчүрмөсү, ошондой эле кароо үчүн зарыл болгон башка документтер тиркелет, алар келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

12.4. Доомат Оператор тарабынан доомат катталган күндөн тартып 30 (отуз) күндүн ичинде каралат. Дооматты кароо үчүн кошумча маалымат талап кылынган учурларда (Компаниянын тутумдарынын архивинен маалыматты жүктөп алуу, абоненттен кошумча маалымат ж.б.), дооматты кароо мөөнөтү 60 (алтымыш) күнгө чейин узартылышы мүмкүн.

Оператор аны тапшырган абонентке дооматты кароонун натыйжалары жөнүндө (оозеки же жазуу жүзүндө), же төмөнкү ыкмалардын бири менен, эгерде абонент жооп алуунун бул ыкмасына Операторго жазуу жүзүндө макулдугун берген болсо: телефон чалуу, SMS-билдирүү, абоненттин электрондук почтасына жооп жөнөтүү менен билдирүүгө милдеттүү, абонент тандаган талапка жооп алуу ыкмасына жараша.

12.5. Эгерде доомат Оператор тарабынан негиздүү деп табылса, аныкталган кемчиликтер акылга сыярлык мөөнөттө четтетилиши керек.

## XIII. Жеке маалыматтарды иштетүүгө жана жиберүүгө макулдук

13.1. Оператор менен Келишимге кол коюу менен Абонент өзүнүн жеке маалыматтарын жана Абонент катары ага тиешелүү болгон, Операторго ушул келишимге кол коюу учурунда жана анын күчүндө болгон мезгилде белгилүү болгон жана жеткиликтүү болгон маалыматтарды чогултууга, иштетүүгө, пайдаланууга жана берүүгө жана анын Операторго байланыш кызматтарын, маалымдама, маалыматтык кызматтарды жана ушул келишим боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү башка кошумча кызматтарды көрсөтүү үчүн, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн эсептешүүлөрдү, ошондой эле Абоненттин керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын аныктоо жана болжолдоо максатында, Абонентке жекелештирилген

сунуштарды, арзандатууларды, акцияларды, маалыматтык билдирүүлөрдү, Оператордон да, үчүнчү жактардан да Оператор өз алдынча аныктаган ыкмалар менен маркетингдик кызматтарды көрсөтүү, ошондой эле үчүнчү жактар тарабынан Абонентке кызматтарды көрсөтүүнүн алкагында үчүнчү жактарга өткөрүп берүү максатында өз каалоосу боюнча эркин, аң-сезимдүү түрдө макулдугун берет.

13.2. Абонент Операторго автоматташтырылган куралдарды колдонуу менен жана автоматташтыруу куралдарын колдонбостон жеке маалыматтарга карата жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон бардык аракеттерди ишке ашырууга макулдугун берет, анын ичине чогултуу, тутумдаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү), колдонуу, жиберүү, жекелигин жоготуу, бөгөттөө, жеке маалыматтарды жок кылуу кирет.

13.3. Абонент ошондой эле (эркин, өз эрки менен жана өз кызыкчылыгында) Оператор тарабынан ушул келишимдин жоболорун ыкчам аткаруусунун максатында өзүнүн жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга оператор байланыш кызматтарын көрсөтүү боюнча өз милдеттенмелерин аткарышы үчүн, анын ичинде электрондук байланыш каналдары (Интернет) аркылуу берүүгө (анын ичинде чек ара аркылуу) макул болот.

13.4. Ушуну менен Абонент ушул бөлүмдө каралган ар кандай макулдашуунун жарактуу мөөнөтү келишим түзүлгөн күндөн тартып башталып, анын күчүндө болгон мөөнөтүнүн ичинде жана ал токтотулган күндөн кийин үч (3) жыл бою улана тургандыгы менен таанышты. Абонент Оператордун каалаган кеңсесине жазуу жүзүндөгү арыз берүү менен ар кандай макулдугун жокко чыгарууга укуктуу, мында Абонент оператор тарабынан кызмат көрсөтүүнүн мүмкүн эместигин түшүнөт.

## XIV. Корутунду жоболор

14.1. Ушул эрежелер «Скай Мобайл» ЖЧКсынын Башкы директорунун Буйругу менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет жана байланыш операторунун www.beeline.kg. расмий сайтына жайгаштырылат.

14.2. Ушул Эрежелерге киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Оператор тарабынан Оператордун http://www.beeline.kg веб-сайтында жайгаштыруу жолу менен, Оператордун кароосу боюнча, кошумча алардын кеңселеринде же башка жол менен жалпы коомчулукка жеткирилет. Эгерде тиешелүү өзгөртүүлөр же толуктоолор күчүнө киргенден кийин, эрежелердин жаңы редакциясы жөнүндө сунуш менен оператор веб-сайтка маалымат жайгаштырган күндөн тартып 10 (он) календардык күн өткөндөн кийин абонент Оператор көрсөткөн байланыш кызматынан пайдаланууну уланта берсе, өзгөртүүлөр же толуктоолор абонент тарабынан кабыл алынды деп эсептелет.Ушул Эрежелер менен жөнгө салынбаган маселелер Оператордун жергиликтүү ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

Для внутреннего пользования

**«Скай Мобайл» ЖЧКсынын уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүү Эрежелерине № 1 Тиркеме**

**«Скай Мобайл» ЖЧКсынын уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндөгү келишимди түзүү үчүн милдеттүү түрдө тапшырылышы керек болгон документтердин тизмеси**

**1. Жеке жак:**

1.1. <u>КРнын жараны:</u>

**1.1.1. Жалпы мүнөздөгү документтер:**
- 2004-жылкы үлгүдөгү КРнын жаранынын паспорту (ID-карта);
- 2017-жылкы үлгүдөгү КРнын жаранынын паспорту (ID-карта).

1.2. <u>Чет өлкөлүк жаран:</u>

**1.2.1. Жалпы мүнөздөгү документтер:**
- чет өлкөлүк жарандын паспорту;
- чет мамлекеттин жаранынын чет өлкөлүк паспорту.

1.3. <u>Жарандыгы жок адам:</u>

- жарандыгы жок адамдын күбөлүгү

**2.** Жеке ишкер:

2.1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан берилген, юридикалык жакты түзбөстөн жеке ишкер катары ишкердик жүргүзгөн жаранды мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн негизинде иш жүргүзгөн жеке ишкер:

2.2. - Юридикалык жакты түзбөстөн жеке ишкер катары ишкердик жүргүзгөн жаранды мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк

2.3. Инсандыгын тастыктаган документ.

**3. КРнын салык органдары тарабынан берилген патенттин негизинде ишкердик ишти жүзөгө ашыруучу жактар:**

3.1. ишкердик ишмердүүлүктүн түрүн жүргүзүү укугуна патент;

3.2. инсандыгын тастыктаган документ.

**4. Юридикалык жак:**

**4.1. Юридикалык жак-КРнын резиденти*.**

**4.1.1.**<u>КРнын юстиция органдарында катталган юридикалык жак:</u>

**1. Мамлекеттик ишкана, коммуналдык ишкана, жоопкерчилиги чектелген коом, кошумча жоопкерчиликтүү коом, акционердик коом (ачык же жабык), дыйкан**

Для внутреннего пользования

**(фермер) чарбасы, кооператив (коммерциялык уюм же коммерциялык эмес уюм катары), коомдук бирикме, коомдук фонд, мекеме, диний уюм, кондоминиум, фонддук биржа, юридикалык жактардын бирикмеси (союз, бирикме), саясий партия, кредиттик союз, суу пайдалануучулардын бирикмеси (бирикмеси), профсоюздук уюмдардын бирикмеси:**

4.2. КРнын юстиция органдары тарабынан катталган устав (эгерде уставды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоо милдеттүү болсо);
4.3. КРнын юстиция органдарында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк;
4.4. юридикалык жактын жетекчисинин ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн документ (мындай документ юридикалык жактын жетекчисин шайлоо жөнүндө уюштуруучулардын же акционерлердин чогулушунун протоколу, же уюштуруучулардын же акционерлердин юридикалык жактын жетекчисин дайындоо жөнүндө, эгерде алар уставда белгиленбесе, ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн аныктоочу чечими болушу мүмкүн);
4.5. жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**2. Толук же коммандиттик шериктештик:**

4.6. КРнын юстиция органдары тарабынан катталган уюштуруу келишими (эгерде КРнын мыйзамдарына ылайык уюштуруу келишими милдеттүү түрдө катталууга тийиш болсо);
4.7. КРнын юстиция органдарында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк;
4.8. юридикалык жактын жетекчисинин ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн документ;
4.9. жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**3. Баштапкы профсоюздук уюм:**

4.10. КР юстиция органдары тарабынан катталган жобо;
4.11. КРнын юстиция органдарында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк;
4.12. юридикалык жактын жетекчисинин ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн документ;
4.13. жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4. КРнын мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү кеңештери:**

- КРнын юстиция органдарында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк;
- юридикалык жактын жетекчисинин ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн документ;
- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4.13.1.** КРнын Эркин экономикалык зонасында катталган юридикалык жак:

- ЭЭЗ дирекциясында катталган устав (шериктик үчүн уюштуруу келишими);
- ЭЭЗ тарабынан берилген каттоо күбөлүгү;
- юридикалык жактын жетекчисин шайлоо жөнүндө документ;

- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4.13.2.** КРнын юстиция органдарында эсептик каттоодон өтүүгө тийиш болгон филиалдар жана өкүлчүлүктөр:
- филиалды (өкүлчүлүктү) эсептик каттоо жөнүндө күбөлүк;
- филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө жобо;
- филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисин шайлоо жөнүндө документ;
- филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин ыйгарым укуктарын аныктоочу документ;
- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4.14. КРнын резиденти эмес-юридикалык жак**.**

**4.14.1.** Менчик түрүнө карабастан КРнын резиденти эмес-юридикалык жак:
- фирманы юридикалык жак катары каттоо жөнүндө келип чыккан өлкөнүн коммерциялык реестринен көчүрмө же фирма чыгарылган өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык юридикалык жак катары катталгандыгын тастыктаган башка документ;
- Устав (же компаниянын ишинин тартибин аныктаган башка документ);
- юридикалык жактын жетекчисин шайлоо жөнүндө документ;
- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4.14.2.** КРнын резидент эмес юридикалык жактарынын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү:
- башкы компаниянын юридикалык жак катары катталгандыгы жөнүндө келип чыккан өлкөнүн коммерциялык реестринен көчүрмө же фирма чыгарылган өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык юридикалык жак катары катталгандыгын тастыктаган башка документ;
- чет мамлекеттин тиешелүү органдарында катталган башкы компаниянын уставы (же анын ишинин тартибин аныктаган башка документ);
- чет өлкөнүн тиешелүү органдарында катталган филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө жобону;
- филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисин шайлоо жөнүндө документ;
- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган барак.

**4.15. Эл аралык уюмдар, алардын долбоорлору, дипломатиялык жана консулдук Кыргыз Республикасы тарабынан белгиленген тартипте ратификацияланган эл аралык келишимдерге ылайык иш жүргүзгөн өкүлчүлүктөр***:**
- КРнын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык келишим, анын алкагында иштеген эл аралык уюм, анын долбоору, дипломатиялык же консулдук өкүлчүлүк;
- эл аралык уюм же анын долбоору (эгерде бар болсо) жөнүндө жобо;
- жетекчинин келишимдерге кол коюу укугун ырастоочу буйрук (контракт, тиешелүү жогору турган уюмдун каты);
- эл аралык уюмду (анын долбоорун) жана анын кызматкерлерин аккредитациялоону ырастаган Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин каты;
- жетекчинин инсандыгын тастыктаган документ, анын ичинде анын колу коюлган

барак.

**Эскертүү:**

* КРнын резиденти-юридикалык жактын ушул пунктта көрсөтүлгөн жана кыргыз тилинде аткарылган документтери нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн орус тилине котормосу менен бирге берилет.

** КРнын резидент эмес юридикалык жактын ушул пунктта көрсөтүлгөн документтери мыйзамдаштырылган жана орус тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен берилет.
*** Ушул пунктта көрсөтүлгөн КРнын резидент эмес юридикалык жактын документтери орус тилине котормосу менен бирге берилет.